Протокол №1

Аалы Токомбаев атындагы Кайынды орто мектебинин ата-энелер менен өтүлгөн чогулушунун протоколу

16.11.2017ж

Катышкан ата-эненин саны:16

Катышкан мугалимдердин саны: толук
Себептүүсү: жок
Себепсизи: жок
Каралуучу маселелер:

1. 2016-2017-окуу жылындагы окуу иштери боюнча жыйынтык.
2. 2016-2017-жылдын тарбиялык иштери боюнча жыйынтыгы.
3. Камкорчулук ишинин отчёту
4. Санитария жана гигиена боюнча долбоор менен иштөө

1-маселе боюнча сөз окуу бөлүмүнүн башчысы Түлөкабылов Бга берилди.

Саламатсыздарбы кымбаттуу ата-энелер мектеп боюнча былтыр 344 окуучу билим алса, быйылкы 2017-2018-окуу жылында мектебибизде 318 окуучу билим алууда. 1-чейректин жыйынтыгы боюнча 23 отличник болду, 57 ударник, жетишүү сапаты 98%, сапатыбыз 32% болду, 250 окуучуга чейрек чыкты. Балдарыңыздардын билимине көңүл буруп көп сабактан калтырбасаңыздар.

2-маселе боюнча сөз Атантаева Э тарбия иштеринин жыйынтыгы.

Ата-энелер сабакты көп калтырган окуучуларга чара көрсөңөр. Жогорку класстардын окуучуларына олтурушка олтургузбоо боюнча чечим былтыркы чечим менен калтырылсын. Мектепте телефон колдонууга тыюу салынат. Тартип бузган окуучулар менен иш алып баруу класс жетекчилерге жүктөлсүн. Андан тышкары форма маселесин алсак окуучулар бирдиктүү форма кийүүсү керек. Кээ бир окуучулар көк жынсы шым кийип келишүүдө, ата-энелер үйдөн балдарыңар мектепке чыгып бараткаңда карап коюнуздарды өтүнөбүз. Эгерде бир эле окуучуну формасыз мектепке келсе ага ктауу чара колдонобуз. Баардыгыңыздар туура кабыл аласыздар деп ишенебиз.

3-маселе боюнча сөз Абдылдаева Назгүлгө берилди.

2016-2017-окуу жылында ар бир түтүндөн берген 200 сомунун артынан форма менен камсыз кыла алдык. Бирок ата-энелер толугу менен берген жок. Мектепте 2 пар өзбек, 4 пар индия, 4 пар кыргыз көйнөктөр менен камсыздадык. Көп түтүндөр түшүнбөсүк менен мамиле кылышууда. Ушул

маалыматты туура жеткирсек жакшы болот эле көп ийгиликтерге жетет элек. Даярдалган формаларды ата-энелер көрүштү, бардыгы ыраазы болушту.

4-маселе боюнча Санитария жана гигиена боюнча Абышова Аселге сөз берсек.

Урматтуу ата-энелер быылтыр окуу жылынын аягында шаардык мед.айымдар келип биздин окуучулардан анализге кан алып кетишкен, ошол анализдин жыйынтыгы аябагандай начар чыкты. 22-майдан баштап бир жума Шабдан орто мектебине суу, санитария жана гигиена боюнча долбоор менен иштеген адистер келип бизди окутту. Ал окууга мен, Сапаева жана мектеп директорубуз катышкан. Ошол долбоор боюнча эми биз иш алып баруудабыз. Ушул иш менен сиздерди тааныштырып кабардар кылып кетсек. Бизде айыл боюнча таза суу менен камсыз болгон эмеспиз, ошондуктан уй-бүлөөбүз менен сууну ар убакта кайнатып ичип колубузду басып турган сайын самын менен жууп турушубуз зарыл болууда.Ушул иштерди аткарбагандын кесепетинен балдардын жана өзүбүздүн ден- соолугубуз ичеги куттарынын түрлөрүнө кабылып отурат. Балдар үчүн колдонууга ыңгайлуу умывальниктерди орнотуу зарыл. Мектеп ичинде ачык сааттар өтүлүүдө ошого балдарыңар менен биргеликте катышыңыздар.Кененирээк маалымат алыңыздар. Биз схотто да айыл өкмөтүндө айтканбыз айыл суусунун башында канализация, фильтр орнотууну өкүнгөнбүз, бирок алегиче иш жүргөн жок. Ушул долбоор менен тыгыз байланышта болсоңуздар.

Токтом төмөндөгүдөй чечим чыгарылсын:

1. Мектептеги билим сапаты жогорулатылсын
2. Сабакты көп калтырган жана начар, жетишпеген окуучулардын ата-энеси менен класс жетекчилер тыгыз байланышып иштешсин жана иш күчөтүлсүн.
3. Окуучулардын формасы талапка жооп берсин.
4. Түтүн боюнча 200сом чогултулсун иш күчөтүлсүн.
5. Санитария жана гигиена долбоору күчөтүлүп иштелип чыксын.
6. Айыл өкмөт айыл суусун талапка ылайыктап иштеп берсин.
7. Ата-энелер комитети Абдылдаева Назгүл өз ордунда калтырылсын.

Мектеп директору: Ө.Б.Кебеков

Протокол №2

Аалы Токомбаев атындагы Кайыңды орто мектебинин ата-энелер менен өтүлгөн чогулушунун протоколу

27.11.2018ж

Катышкан ата-эненин саны: 77
Катышкан мугалимдердин саны: 22
Себептүүсү: 1 окууда
Себепсиз: жок

Каралуучу маселелер:

1. 1-чейректин жыйынтыгы. Класс жетекчилердин жана окуу бөлүмүнүн башчысынын отчёту.
2. Ата-энелер комитетин шайлоо
3. Кезектеги иштер

1-маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Түлөкабылов Бнын отчёту:

Жалпы 1-чейрек башында 329 окуучу билим алып,анын ичинен 134 окуучу башталгыч класстын окуучулары.Чейрек ичинде 16 окуучу башка мектепке кетти.Азыркы учурда 313 окуучу билим алууда, 256 окуучуга баа колюлган, ал эми 4 окуучуга эки деген баа чыккан.
1-чейректин жыйынтыгы боюнча билим сапаты 34%ти түздү.
Жетишүү 98%, отличник 26, ударник 60, орто окуган 165 окуучу. Эң начар сапатка ээ болгон 9б-класс 14%ти түздү.

Класс жетекчилердин отчёту:

1а-кл. мугалими Болоткан к А: Баардыгы 19 окуучу 8 кыз, 11 эркек
1б-кл. мугалими Абдышова А: Баардыгы 17 окуучу 8 кыз, 9 эркек
2-кл. мугалими Абышова А: Баардыгы 21 окуучу 11кыз, 10 эркек. Сабагынан начар өздөштүрө албаган 4 окуучу бар.
3а-кл. мугалими Садыкова А: Баардыгы 21 окуучу 13 кыз, 8 эркек. Отличниктер 2, ударник 8 окуучу.
3б-кл. мугалими Өмүрбаева В: Баардыгы 22 окуучу 8 кыз, 14 эркек. Отличниктер жок, ударник 7 окуучу.
4-кл. мугалими Изакова М : Баардыгы 26 окуучу 11 кыз, 15 эркек. Отличниктер 4, ударник 7 окуучу. Сабактан жетишпеген бир окуучу бар.
5а-кл. мугалими Тыныбек к Ж: Баардыгы 16 окуучу 4 кыз, 12 эркек. Отличниктер 2, ударник 3 окуучу. Сабагынан өздөштүрө албаган 1 окуучу бар. 5б-кл. мугалими Дөлөтбакова Н: Баардыгы 19 окуучу 9 кыз, 10 эркек. Отличниктер 5, ударник 3 окуучу. Сабактан ден соолугуна байланыштуу көп калтырган Эсенканов деген окуучу, ал эми сабагынан өздөштүрө албаган 1

окуучу бар.
6-кл. мугалими Муканбетова А: Баардыгы 30 окуучу 13 кыз, 17 эркек. Отличниктер 4, ударник 5 окуучу.
7-кл. мугалими Рыскелдиева Г: Баардыгы 26 окуучу 14 кыз, 12 эркек. Отличниктер 3, ударник 7 окуучу. Сабагынан оздоштүрө албаган 1 окуучу бар. 8-кл. мугалими Байсакалова А: Баардыгы 26 окуучу 9 кыз, 17 эркек. Отличник 1, ударник 5 окуучу.
9-кл мугалими Дөөлөталиева З: Баардыгы 18 окуучу, 11 эркек 7 кыз. Отличниктер 4, ударник 1 окуучу. Сабагынан көп өздөштүрө албаган 2 окуучу. 9б-кл. мугалими Атантаева Э: Баардыгы 21 окуучу 11 кыз, 10 эркек. Отличник 1, ударник 2 окуучу. Сабагынан өздөштүрө албаган 1 окуучу.
10-кл. мугалими Садыкова Ж: Баардыгы 21 окуучу 11 кыз, 10 эркек. Отличниктер жок, ударник 7 окуучу.
11-кл. мугалими Сапаева Ж: Баардыгы 12 окуучу 6 кыз, 6 эркек. Отличниктер жок, ударник 3 окуучу.

2-маселе боюнча Абдылдаева Назгүлдүн сөзү:

Түтүн башында чогулган акчага А.Токомбаевдин музейинин ачылышында бийлеген окуучуларга прокатка көйнөк алдык. Мындан тышкары манасчы балдарга 7шт. чыптама тигилди. Мен жалгыз айылды кыдырып акчаны чогултканга жетишпей калат экенмин, жардамчылар болсо жакшы болот эле.

3-маселе кезектеги иштер. Тарбия иштери боюнча Атантаеванын сөзү:

Жылына жаңы жыл астында “Манас” уюмуна деп 50 сомдон чогултулуп келет. Ал акчага жаңы жылдык белектер жана аяз атанын баштыгына таттуу алганга сарптап, арткан акчага былтыр гирлянды жана микрафон алганбыз. Быйыл дагы 50 сомдон чогултабызбы, ушул маселени дагы чечип берсеңиздер.
Ашканага ата-энелер тарабынан комиссия мүчөсүнө көрсөтүп шайлап берсеңиздер.

Токтом төмөндөгүдөй чечимге келет:

1. Окуудан жетишпеген окуучулардын ата-энелери менен класс жетекчи тарабынан жекече иш алып барылсын.
2. Ар бир ата-эне балдарынын билимин жогорулатууга өз салымдарын кошуп, мектеп менен тыгыз байланышта болушсун жана билим сапаты жогорулатылсын.
3. Ата-энелер комитетине жардамчы мүчөлөр: Исакова Ч, Махабат, Гүлмира, Тахмина, Алмаш, Доки, Жумашова Д, Чоюнкожоева Самара шайлансын жана түтүн башына чогулткан акча улансын.
4. “Манас “ уюмуна бала башына 50 сомдон чогултулуп, жаңы жылдык балатыга керектелүүчү каражаттар алынсын.

5. Ашканага ата-энелер тарабынан көзөмөл жүргүзүүгө комиссия мүчөсүнө Аида жана Гүлмира бекитилсин.
   Мектеп мугалимдеринен профком: Дөөлөталиева З
   завхоз: Исакова Ч
   орган-р: Атантаева Э

Мектеп директору: А.К.Иманалиев

Протокол №3

Аалы Токомбаев атындагы Кайынды орто мектебинин 10-классы менен

өтүлгөн ата-энелер чогулушунун протоколу

28.11.2019-ж

Катышкан ата-энелердин саны: 10
Катышкан мугалимдердин саны: 22
Тарбия иштери боюнча директордун орун басары: Атантаева Элмира
Класс жетекчи: Дөөлөталиева Замира

Каралуучу маселелер:

1. Интернет коопсуздугу боюнча
2. Окуучулардын билими тууралуу

Чогулуштун жүрүшү:

Класс жетекчи З.Дөөлөталиева чогулушту ачып, каралуучу маселе жана регламенти менен тааныштырды.

1-маселе боюнча класс жетекчиге сөз берилди

Урматтуу ата-энелер интернет коопсуздугу азыркы учурда маанилүү нерсе. Азыркы тапта интернет айдыңынан балдардын психологиясына терс таасир тийгизе турган оюндарды ойноп жатышат. Дүйнөдө, өлкөдө суицидке кабылгандардын саны көбөйүүдө. Баарыбызга белгилүү болгондой, интернет тууралуу жана анын балдар үчүн коопсуздугу жөнүндө нускама бар.
Тарбия иштери боюнча директордун орун басары : Атантаева Э сүйлөдү
Урматтуу ата-энелер, балдарга бүгүнкү кырдаалга жараша телефон керек экендиги бардыгыбызга маалым. Бирок сабактан тышкаркы, туура эмес сайттарга кирип жаткандары өкүндүрүп жатат. Ушул боюнча балдарыңыздарга көз салып, убакыт-сааты менен телефонду колдоруна карматып, өзөмөлгө алыңыздар деп суранып кетет элем.

2-маселе боюнча класс жетекчи

10-класста баардыгы 29 окуучу ,кыз 13, эркек 16. Отличниктер 5, ударниктер 6 окуучу. Билим сапатыбыз 38%ти түзөт. Алдыда олимпиадалар болот балдарды даярданганга шарт түзүп берүүңүздөрдү суранат элем. Балдардын келечеги сиздер менен биздин колубузда. Билимге көбүрөөк маани берели.

Toктом төмөндөгүдөй чечимге келет.

1. Ар бир ата-энеге өз балдарынын интернет коопсуздугун кароо милдеттендирилсин.

2. Ар бир окуучунун сабактарга убагы менен кирүү ата-энелерге жүктөлсүн.

Мектеп директору: ________________ А.К.Иманалиев

Протокол №4

Аалы Токомбаев атындагы Кайынды орто мектебинин ата-энелер менен өтүлгөн чогулушунун протоколу

1.12.2020ж

Катышкан ата-энелердин саны: 30
Катышкан мугалимдердин саны: 18
Себептүүсү: 2
Себепсиз: 1

Каралуучу маселелер:

1. Окуучулардын билими тууралуу.
2. Мектептин санитардык абалы (пандемияга карата)
3. 1-4-класстардын тамактануусун жакшыртуу
4. Кезектеги иштер

1-маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Өмүрбаева Внын сөзү:

Мектепте болгон окуучулардын билим сапатын жогорулатуу туурасында талкууласак. Быйылкы окуу жылында жакшы жетишкендиктерге ээ болдук. Олимпиададан райондук олимпиададан 2 окуучу 5 деген баа алып, областык олимпиадага чыкты. ОРТдан бүткөн бүтүрүүчүлөр эң жогорку бал алышты. Мындан ары дагы жакшы жетишкендиктерди жаратышыбыз керек, ал үчүн ата-эне тарабынан да жардам берип көзөмөлдөлсө.

2-маселе боюнча мектептин директору А.К.Иманалиевдин сөзү:

Кырдаалга байланыштуу мектепте санитардык абалды туура, так сактоого мажбур болуп жатабыз. Ар бир класска санитардык бурчтар уюшулуп, окуучулар үчүн пандемия шартында билим алууга бардык шарттар түзүлдү. Ата-энелерден өтүнүч ооруп жаткан балдарыныздарды мектепке жөнөтпөңүздөр. Эгерде бир окуучу ооруп кала турган болсо, сакайып кеткенге чейин 10 кундук карантинге чыгарылат уй-бүлөөсү менен. Онлайн режиминде сабактары өтүлө берет. Класс жетекчилер балдардын температурасын ченеп свотка берип турушат. Ар бир окуучунун жанында 2ден маска жана антисептик сөзсүз болуушу зарыл. Ушул талапка жооп бергидей болуп ата-энелер камсыздап, так аткарып берсеңиздер.

3-маселе боюнча мектептин директору А.К.Иманалиевдин сөзү:

1-4-класстардагы окуучулардын мектептеги тамактануусун жакшыртуу жана

ысык тамак менен камсыздоо көйгөйү начар абалда. Өкмөт тарабынан бөлүнүп берген акчанын эсебинен, балдарга бир күндө 7 сомдун эсебинен тамак берилет. Өзүнүздөр ойлоп корсонүздөр бул акчанын эсебинен балдар кандай ысык тамак иче алат. Ата–энелер тарабынан кандай жардам бере аласыздар. Жалпы ата-энелер чечими менен башталгыч класста окуган балдарыбызга айына 100 сом өлчөмүндө чогултуп, ысык тамагына шарт түзүп берели. Ал үчүн ар бир класстан ата-энелер комитети шайланып жана ата-энелер комитетинин башчысын шайлап алганга маулдугун беришти.

4- маселе кезектеги иштер боюнча

Тарбия иштери боюнча директордун орун басары Атантаева Э нын сөзү:

Буюрса аралыктан окутуулар аяктап толук кандуу окуп баштадык. Кырдаалга байланыштуу окуучуларга телефон берип окутканга туура келди. Эми ата-энелер сиздердин жардамынар менен балдарга телефонду өз убагы менен берип, көзөмөл салып коюнуздарды суранат элем. Баардыгын акырындык менен мурунку өз нугубузга түшөбүз деген үмүттөмүн.

Токтом төмөндөгүдөй чечимге келет:

1. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу күчөтүлсүн.
2. Мектептин санитардык абалын сактап, режимдер бузулбасын.
3. 1-4-класстарын ысык тамак менен камсыздоо үчүн ата-энелер тарабынан жардам иретинде ай сайын 100 сом өлчөмүндөысык жана сапаттуу тамак берилсин. Бериле турган ысык тамакка комиссия төрайымы: Нурланова Э дайындалсын.
   Комссия мүчөлөрү: 1-класстан Жумабекова Мунара
   2а-класстан Айыпова Аида
   2б-класстан Нурланова Элза
   3-класстан Абдылдаева Назгүл, Умуралиева Арзыкан
   4-класстан Бейшенова Назгүл дайындалсын ата-энелер макулдугу менен.
4. Кечкисин бардардын көчөдө себепсиз жүрүүсүнө тыюу салынат. Мектепке телефон көтөрүп келүүгө тыюу салынсын. Сабакка гана пайдаланууга уруксаат берилсин. Эгер себепсиз телефон менен кармалса, ошол окуучунун телефону мугалимдер тарабынан алынат окуу жылдын аягына чейин

Мектеп директору: А.К.Иманалиев

Протокол №5

Аалы Токомбаев атындагы Кайыңды жалпы билим берүү орто мектебинин ата-энелер менен өтүлөн чогулушунун протоколу

3.12.2021ж

Катышкан ата-энелердин саны: 75
Катышкан мугалимдердин саны: 17
Себептүүсү: 3
Себепсиз: 2

Каралуучу маселе:

1. "Энелер мектеби" долбоору менен тааныштыруу
2. 2020-2021-окуу жылына анализ

1-маселе боюнча Рыскелдиева Гүлзаттын сөзү:

"Энелер мектеби" деген долбоорго биздин мектептен мен барып, окуусун окуп келдим. Сиздерге ушул долбоор менен тааныштырып өтөйүн.
Бул долбоор Гапар Мадаминов агайыбызга таандык. Азыркы кезде ар бир мектеп ушул долбоорго өтүүдө.

Бул долбоордун максаты: Ата-эненин мектеп менен болгон байланышын бекемдөө, балдардын билим чөйрөсүнө болгон кызыгуусун арттыруу.

Окуучулардын билим-тарбия сапатын жакшыртуу үчүн жалгыз мектептин, мугалим класс жетекчинин ишмердүүлүгү аздык кылышын эске алып, 25 жылдык педагогикалык эксперименттин натыйжаларынын негизинде билим сапатын жакшыртуу үчүн бул программа түзүлгөн. Программада алгач 1-11-класстардын ар биринин жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык тарбиялык, моралдык таасир берүү методдору камтылган. Мында балдарыды мектепке, мугалимге урмат-сый, үй-бүлөдөгү климат, өзүн-өзү тарбиялоо, ой-өрүшү куругозорун өстүрүүнү окушат.Азхыркы учурда өзүнөр билесиңер балдар билимден алыстап бара жатышат. М: үйгө берилген тапшырмаларын аткарышпайт, убактыларынын көпчүлүгүн теленфон көрүшөт. Китеп кармап окуган бала жок, ошон үчүн энелер мукгалимдер менен биргелешип иштеп балдарыбызды билимге таруу менен көп ийгиликтерди жаратсак болот. Бул долбоор менен иштешсек энелер бир айда бир жолу эле келесиздер. Көптөгөн пайдалуу жаңылыктарды алып турасыздар, албетте сиздер колдоп макул болсоңуздар. Балдар биздин келечегибиз кайдыгер карабастан, биргеликте иштешели.

2-маселе боюнча 2020-2021-окуу жылына анализ берсек мектеп директору А.К.Иманалиевдин сөзү:

1. Райондук олимпиададан 5 окуучу орун алышкан. Биринчи орундан 2, үчүнчү орундан 3 окуучу алды.
2. Облустук олимпиадага 2 окуучу катышып келди.
3. Кызыл аттестатка Бактытбекова С илинди.
4. Эки окуучубуз Улуу Ата Мекендик Жеңиштин 76 жылдыгына карата болгон сынакта көркөм окуу боюнча алдыңкы орун алышты.
5. Ыр боюнча (вокал) сынакка катышып Ысык-Көлдө болгон сынакка катышып 9-класстын окуучусу Майрамбеков Шавхат 1 орун алып келди.

Ушундай жакшы жетишкен жыйынтыктардын аркасынан Кемин райондук акимиятынын ардак тактасына ийгиликтери үчүн деп илиндик. Быйылкы жылы дагы көптөгөн жетишкендиктерге жетебиз деген умуттөбүз.

Тотом төмөндөгүдөй чечимге келет.

1. “Энелер мектеби” долбоорун жалпы ата-энелер колдошту. Мугалимдер менен биргеликте бул долбоор менен иштешсин.
2. Билим сапатын жогорулатуу үчүн, балдардын сабактарына ата-энелер көзөмөгө алышсын жана көмөктөшсүн.

Мектеп директору: А.К.Иманалиев.